DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Көкөева А.М., Айдаркулова З.А., Шакирбаева Б.Ш.*

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ӨЗ ӨМҮРҮНӨ КОЛ САЛУУ АБАЛДАРЫН ТОКТОТУУГА АДЕП-АХЛАК ТАРБИЯ МЕНЕН УКУКТУК ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ТҮШҮНДҮРҮҮДӨ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН РОЛУ

*Кокоева А.М., Айдаркулова З.А., Шакирбаева Б.Ш.*

# РОЛЬ ПРАВООХРАНИТЕЛЬНЫХ ОРГАНОВ В РАЗЪЯСНЕНИИ ПРАВА НА НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ И ПРЕСЕЧЕНИЕ СУИЦИДАЛЬНЫХ СИТУАЦИЙ У ПОДРОСТКОВ

*A. Kokoeva, Z. Aidarkulova, B. Shakirbaeva*

# THE ROLE OF LAW ENFORCEMENT AGENCIES IN EXPLAINING THE RIGHT TO MORAL EDUCATION AND SUPPRESSION SUICIDAL SITUATIONS IN ADOLESCENTS

*УДК: 34.343*

*Бул макалада тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга, илимпоздордун эмгектерине жана эмпирикалык базага таянып, Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында акыркы кездери айрыкча өз өмүрүнө кол салуу себептери көбөйдү. Акыркы убакта бул мүшкүл айрыкча өспүрүмдөр арасында кеңири жайылып кеткендиги өкүндүрөт. Аны алдын алуу менен азыркы мезгилде өспүрүмдөр барган сайын, улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы педагогторду, өспүрүмдөр маселелери менен алектенген адистерди, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынчсыздандырып катуу ойго салууда. Өспүрүмдөр турмуштун чон жолуна кадам таштабай жатып, өздөрүн коомдо татыктуу орун табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга кириптер болушууда. Алардын эл аралык тажрыйбада чечүү жолдоруна токтолгон.*

***Негизги сөздөр**: өспүрүмдөр, өмүр, кол салуу, укук бузуу, укук коргоо органдары, жоопкерчилик.*

*Исходя из соответствующих нормативных правовых актов, работ ученых и эмпирической базы, в последнее время среди подростков в Кыргызстане наблюдается рост причин самоубийств. Печально, что в последнее время это бедствие особенно распространено среди подростков. Профилактика и сейчас, когда подростки становятся все более опасными и опасными, вызывает тревогу у педагогов, специалистов, занимающихся проблемами подростков, правоохранительных органов, родителей. Не делая больших шагов на жизненном пути, подростки начинают лишать себя возможности занять достойное место в обществе. Они сосредоточены на решениях в международной практике.*

***Ключевые слова:** подростки, жизнь, нападение, правонарушение, ответственность правоохранительных органов.*

*Based on the relevant regulations, the work of scientists, and the empirical framework, this article highlights the recent increase in suicides among adolescents in Kyrgyzstan, especially in recent years. It is unfortunate that this problem has recently become more prevalent, especially among adolescents. Teachers, educators, law enforcement officials, and parents are concerned that prevention is becoming more and more dangerous and dangerous. Adolescents are deprived of the opportunity to find a worthy place in society without stepping on the big path of life. Their international experience focuses on solutions.*

***Key words:** juvenile, in conflict with the law, lawlessness, judicial system, world law practice.*

Кыргызстандагы өспүрүмдөр арасында акыркы кездери айрыкча өз өмүрүнө кол салуу себептери көбөйдү. Муну адистер социалдык кыйынчылыктарга, байланыштырышып өспүрүмдөр арасындагы азыркы коомдун эн коркунучтуу маселеси экенин айтышат. Өз өмүрүн кыюу же суицид маселеси адам баласы жаралгандан бери эле жашоодо орун алып келе жатышат. Балдар - Кыргыз Республикасынын эн баалуу байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт [1.1. 20-ст. 3-п.]

Акыркы убакта өспүрүмдөр арасында өз өмүрүнө кол салуу айрыкча өспүрүмдөр арасында кеңири жайылып кеткендиги өкүндүрөт. Азыркы мезгилде өспүрүмдөр өз өмүрүнө кол салуу барган сайын, улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы педагогторду, жаштар маселелери менен алектенген адистерди, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынчсыздандырып катуу ойго салууда. Сөз адамдын өмүрү тууралуу болуп жаткандан кийин бул маселе дайыма эн олуттуу боюнча калмакчы. Эмне үчүн адамдар өз жанын кыйып жатат деп ойлойсуз? Натыйжасы белгилүү болгон, тагыраак айтканда акыр аягында өз өмүрүн кыюуга себеп болгон ишти аткарууга багытталган бардык аракеттер суицидге кирет.

Мисалы: тапанча менен өз жанын кыюу, асынып алуу, кимдир бирөөгө таарынып жеп ичкенди токтотуу аркылуу өз жанына зыян келтирүү, же болбосо өрт чыккан жерде болуп, бирок ал жактан чыгып кетүү мүмкүнчүлүгү болгонуна карабай, өзүн өлүмгө кириптер кылуу. Бул кадамга психикалык жактан жабыркагандар катуу стресске же депрессияга кабылгандар барышат. Башына кыйынчылык түшкөндө абалдан чыга албачудай сезилет. Келечекке үмүтсүз карап, алдыга максат коё алышпайт. Ошондой маалда суицидге барууну баардык кыйынчылыктан кутулуунун жолу катары кабыл алышат. Өспүрүмдөрдө кезиккен көйгөйлөрдү чечүүдө ата-эненин гана эмес мектептеги, жогорку окуу жайлардагы укук коргоо органдары тарабынан түшүндүрүү иштери боюнча жардамы керек. Себеби айрым учурларда бала ата-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



энесине караганда мугалимин көбүрөөк көрөт. Эгер өспүрүм чүнчүп, мүнөзү, кыялы өзгөрүлүп кетсе, аны психологго алып баруу керек. Демек, анын ичинде жашыруун ызасы бар, балким, ошол эле ата-энесине, же мугалимине, же досторуна. Ата-эне баласына көңүл буруп, аны менен көбүрөөк убакыт өткөрүүсү зарыл. Биздин социалдык педагогтор жана психологдор белгилегендей, балдар көңүл буруу жетпеген учурда өз өмүрүн кыюуга барышат.

Бала менен чон кишидей эле сүйлөшүп, аны туура нукка багыттоо керек [2.2].

Баланын мээримге муктаж экендигин унутпоо керек. Ата-энелер, балага, эн башкысы мээрим керектигин унутуп коёбуз. Өспүрүмдүн пихологиясы жүрүм-турумунан, коом жана социалдык кырдаалдар тарабынан калыптанат. Тилеке каршы, акыркы жылдары өзүн-өзү өлтүргөн өспүрүмдөрдүн саны кескин көбөйдү. Бул экономикалык-социалдык, үй-бүлөлүк, коомчулуктун таасиринен улам. Бирок көбүнчө өзүн-өзү өлтүргөн өспүрүмдөр толук эмес үй-бүлөлөрдөн. Ата-энеси чет жакта акча табуу менен алек, ал эми жеткинчек өз көйгөйлөрү менен жалгыз калып калууда. Эгер бала өз өмүрүнө кол сала турган болсо, акырына чыккыча аракеттенет. Азыр телерадио, ММКлар интернет булактары дайыма жакшы жашоо, жакшы тамак, кийим кечени тынбай беришет. Аны көргөн бала «мен мындайга жетпейм, - деп дагы басынып калат. Ата-эне баласына мээримин төгүп, «катачылык кылсан эч нерсе болбойт, аны ондоого убакытын бар», - деп сылык, сабырдуу мамиле жасашы керек. Албетте, жаш курагында балдарыбызды жоготуп жатканыбыз жагымсыз көрүнүш. Биз бала бакчадан баштап, мектеп, жогорку окуу жайлар, бейтапканаларга да психологдорду көбөйтүш керек. Ар бир бала менен жеке сүйлөшүп, укук коргоо органдары менен биргеликте тыгыз иштөө зарыл.

Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодексине ылайык балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо төмөнкү негизги принциптерге негизделет:

- баланын эң мыкты таламдарын камсыз кылуу максатында баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;
- мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүндө балдардын, өзгөчө турмуштук оор кырдаалда турган балдардын акысыз кызмат көрсөтүүлөргө жетимдүүлүгүн камсыз кылуу;
- балдарды расасынын, өңү-түсүнүн, жынысынын, тилинин, дининин, улуттук же социалдык тегинин белгилери боюнча, мүлктүк абалынын, ден соолугунун абалынын жана кандай гана болбосун башка белгилери боюнча басмырлоонун жол берилбестиги;
- анын тагдырына байланыштуу чечимдерди кабыл алууда баланын өзпикирин билдирүү укугун камсыз кылуу;
- баланы зомбулуктун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу;экономикалык пайда табуу максатында балдардын эмгегинин анын эң жаман формасында эксплуатациялоонун жол берилбестиги;
- баланын укуктарын жана таламдарын бузуу, ага залал келтиргендик үчүн мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызматкерлеринин, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын жоопкерчилиги;
- баланы тарбиялоонун жана билим берүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;
- мамлекет, коомчулук, үй-бүлө тарабынан баланын укуктарын жана таламдарын коргоонун артыкчылыктуулугу;
- баланын үй-бүлөдөн ажыроосун болтурбоо жана баланын үй-бүлөнүн курчоосунда болуу укугун камсыз кылуу;
- ар бир баланын дене-бой, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укугун камсыз кылуу;
- ата-энелердин өз жөндөмдүүлүктөрүнүн жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыз кылуу жоопкерчилиги;
- мамлекеттин жетим балдарды жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылуусу [3. 3].

**Психологиялык жактан өзүн-өзү өлтүрүүгө жакын өспүрүмдөрдүн тобу:**

- Өзү тендүүлөр менен тил табыша албагандар;
- Ичимдик же бангизатын колдонгондор;
- Кемсинтүүгө кабылган же жакындарын жоготкондор;
- Алдыга койгон максаты менен иштеги ийгиликтери дал келбегендер;
- Оорукчан же жакын адамдары таштап кеткендер;
- Зордук-зомбулукка кабылгандар.

Өмүрүн кыйгандардын эн негизги көйгөйү бул жокчулук. Досторундай кийинип, ичине албай басынуудан ушул кадамга барат. Азыркы өспүрүмдөрдүн кабыл алуусу башкача. Алар суицидге барбаш үчүн ата-эне жана мугалимдер балдарга туура жол көрсөтүүсү керек. Негизинен мунун баары ошол өспүрүмгө көнүл бурулбагандыктан келип чыгат деп ойлоймо. Азыркы убакта үйүндө болбосун, окууган окуу жайында болбосун мурункудай көнүл бурулбай калган. Ата-энеси тан аткандан кеч киргичекти жумушунда, туугандары өз жумуштары менен алек болгондуктан, өспүрүм өзүнүн ичиндеги сырларын эч кимге айталбай, бөлүшө албай кыйналат. Анан өзүнүн оюн бирөөлөргө жеткиргиси келет, бирок жеткире албайт. Кыскасы, өзүн эч кимге кереги жок, бул жашоодо аны эч нерсе кармабагандай сезип өзүн-өзү өлтүрүү кадамга барат. Суицидди азайтуу үчүн балдарга мектептерде

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



окуу жайларда атайын укук коргоо органдарынын жана психологдордун катышуусу менен окуулар окулуп, үйдө жөнөкөй тил менен ардайым түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп келиши керек. Бул нерсе менен ардайым күрөшүү керек. Башкача айтканда, өлүм менен эле адамдын көйгөйү чечилип калбастыгын, бул бир берилген жашоо сыноо экендигин, Алла Таала өз жанын кыйгандарды кечирбестигин, өз өмүрүнө кол салуу менен сен канчалаган жакындарына көйгөйлөрдү жарата тургандыгын айтып жан дүйнөсүнө синдирип ата-эне балага көбүрөөк көңүл буруп дайыма колдоо жана жалгыз эместигин көрсөтүп туруу зарыл. Ошондой эле азыркы мезгилде коом мурда болуп көрбөгөндөй өспүрүмдөрдүн өзгөчө жаш муундун психологиясы өзгөрдү, нравалык адеп-ахлактык, моралдык жүрүм-туруму бузулду, ыймансыздык күчөдү, элибиздин улуттук ан-сезим, акыл-эс, туюм-сезимине жат үрп-адат, салт-саанабызга, таалим-тарбиябызга каршы келген жорук жоосундар көбөйүп бара жатат. Улуттук маданиятты, өзгөчөлүктү, тилди, тарыхты жоготууга багыт алган ааламдашууну үгүттөгөн, аны өрнөк катары көрсөтүүгө аракеттенген ойлор айтылып, жүрүштөр мерчемделип, жаштарды өз тарабына тартуу аракеттери күчөп, улуттук иденттүүлүккө жана руханий-нравалык баалуулуктарга коркунуч жарала баштады. Адамдардын, өзгөчө өсүп келе жаткан жаш муундун ан-сезимине ар кандай жолдор, ыкмалар жана каражаттар аркылуу эгоцентризим идеясы тануулантып, жатып ичээрлик, моралсыздык, космополиттик, манкурттук, улутмансыздык, башка нравага, өзгөчө батышка, суктануучулук маанайды калыптандыруу амалдары күч алууда. Ачык айтыш керек, бул кырдаалга байланыштуу биздин мамлекет буга чейин атайын ыраттуулукка, системалык мүнөгө ээ саясат жүргүзө албады, коомчулукка же саясий реформаны, же экономикалык- социалдык өнүгүүнү, же коомдук ан-сезимди модернизациялоонун түшүнүктүү, алгылыктуу моделин сунуштай албай, мамлекет, бийликтегилер саясат менен гана шугулданып келди. Бул биздин жалпы эле коомчулукту тынчсыздандырып, ар кыл ой-пикирдин айтылышына өбөлгө түздү. Коомдун бүтүн бир организм, тулку бой деп турган болсок, руханий-нравалык адеп-ахлак, нарк-насил, улуттун духу анын жүрөк толтосу, жаны деп бааласак болот. Эгерде биз келечекке багыт алып, өнүгүү жолуна түшүүнү өз максат-милдетибиз деп түшүнсөк, анда биз, эн алды, үч принципти карманышыбыз керек: **биринчиден,** өнүгүүнүн улуттук өзгөчөлүгүнө ылайык демократиялык багытты кармануу; **экинчиден** өнүгүүнүн күчтүү экономикалык саясатын кармануу; **үчүнчүдөн,** улуттук баалуулуктарга таянган жана аны негиз туткан салттуу руханий адеп-ахлактык, моралдык нормаларды кармануу. Менимче, ушул үч принцип гуманизмге, адамгерчиликке, боорукерликке, кайрымдуулукка ширелген идеологиянын өзөгүн түзүү менен, жалпы адамзаттык жана улуттук дөөлөттөргө тарбиялоону камсыз кылат. Бул коомду бirimдикке тартуу менен элдин баардык катмарын бириктирүүгө, улуттук мамлекеттүүлүктү чыңдоого, улуттук иденттүүлүктү сактоого жана жаштарды өсүп келе жаткан өспүрүмдөрдү өзүн-өзү таанууга, патриоттуулукка тарбиялоого өбөлгө түзүп, өз эне тилинен рухий дөөлөт, байлык катары мамиле кылуусун күчөтүп, кызыгуусун арттырып, урматтоо жана терен билүү мотивациясын жаратат. Өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кол салуу абалдарын токтотууга адеп ахлак тарбия укук милдети бул үйбүлөө, наркту таалим тарбия сапаттуу билим-руханий – адеп-ахлактык ата-бабалардын улуу мурасына таянуу менен, эли-жерине, коомго пайда келтире турган, ар намыстуу, ариеттүү, мекенин сүйгөн чыныгы патриотторду тарбиялоо жана өстүрүү. Мында ата-эненин өздөрүнүн үлгүлүү жүрүм туруму жана туура тарбиясы өзгөчө мааниге ээ. Үйбүлөөдөн таалим - тарбия алып чыккан өспүрүмдөрдүн инсан катары калыптанышы менен билим берүү мекемелерде улануу менен, жалпы коомчулуктун көз салуусунда өтөт. Үй-бүлөдө башталган таалим-тарбия билим берүү мекемелери аркылуу улануучулук принцибинин негизинде коом тарабынан өркүндөлөт. Демек тарбия үй-бүлөдө башталып, билим берүү мекемелеринде өнүгүп, коомдо калыптанат. Таалим тарбиядагы ураанызбыз: улуттук иденттүүлүк, реализм прагматизм болуш керек. Ошондо руханий нравалык кайра жаралуу болот. Өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кол салуу абалдарына бөгөт коюу аракети ушу тапта көпчүлүктү ойлондуруп жаткан чагы. Мусулман дин кызматкерлери ислам балуулуктары суицидге каршы экенин белгилешүүдө. Ыйык курандын Ниса сүрөсүндө өзүн-өзү өлтүрүү тууралуу Алла-Таала «Силер өзүнөргө кол салбагыла же өзүнөрдү өлтүрбөгүлө» деп айтат. Эгерде кимде -ким өзүнө-өзү душмандык кылып, зулумдук жасаса, кол салса аны биз тозокко калтырабыз дейт. Адамдын өзүн-өзү өлтүрүүсүнө көп нерсе себеп болот эмеспи. Өзгөчө өспүрүмдөрдүн өзүнө-өзү кол салуусу алардын жаштыгы, женил ойлуулугу, тажрыйбасыздыгы, максатына көздөгөн нерсесине болгон талпынуусуна көп себеп болот.

Бүгүнкү күндө биз жашап жаткан дүйнөдө саясий-экономикалык, руханий-нравалык, адеп-ахлактык кырдаал өтө кооптуу чекке жетип турат. Дүйнөнүн айрым өлкөлөрүндөгү кошстандарттуу саясат, стратегиялык өңүттө жүргүзүлүп жаткан ааламдашуу процесси улуттук деген уңгулуу түшүнүктөрдү түптамырынан кырчып, дүйнө бойлой калыптанып келген улуттук мамлекеттүүлүк, улуттук дух, нарк-насил, улуттук-менталитет, улуттук иденттүүлүк деген улуу аң-сезимди кыйратып, коомдун руханий-нравалык, адеп-ахлактык, духовный дөөлөттөрүн бузуп-жарып, коомду ичинен иритип, улуттук өлкөлөрдү «улутсуз»

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өлкөгө айландыруу багытын да атайын иштер жүргүзүлүүдө [4.4].

Ал эми ошол жаш кезде ата эне балага жакшылап көнүл бурбастан, көчөдөгү же коомдогу маалымат айдынына таштап салат. Балам чонойуп жатат деп кайдыгер мамиле кылышат. Биздин коомубузда жаштарды азгыруучу көп нерселер бар. Баланын ичинде эмне болуп жатканын билбей калабыз. Көптөгөн жаштар жашоодо максатын жоготууда Ошондуктан балдарды тарбиялаш керек. Башкача айтканда, ата-эненин балага берчүү эн кымбат нерсеси бул жакшы тарбия болуп эсептелет. Жаш өспүрүмдөрдүн эртенки келечек тууралуу ойлонгондун ордуна өз өмүрүнө кол салып бүчүр кезинде тагдыры талкаланып жатканы абдан өкүндүрөт. Өспүрүмдөр үчүн укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин катышуусу менен жүрүш-турушу адекваттуу эмес ата-энелер менен индивидуалдык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү бирдиктүү аракети жана иш-чаралары, келечекте укук бузуусу жок, мыйзам гана бийлик кылган коомду курууда, эн жакшы натыйжаларын берет. Жаштар - биздин келечегибиз гана эмес, азыркыбыз да!

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституция 2021-ж 5- май №59 редакциясына ылайык
2. bbc.com.kyrgyzstan_iv_gulshan_abdyldaeva педагог. Гулшан Абдылдаева.
3. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси 2020-жыл 1-августтунда №109 мыйзам. редак. ылайык.
4. ”Инсандын руханий адеп ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндөгү концепциясы
5. Балдардын укуктарын коргоо боюнча конвенция
6. КР Кылмыш жаза кодекси 2022-жылдын 18- январындагы №4 мыйзамынын редакциясына ылайык)
7. Үй-бүлө кодекси 2020-жылдын 1-августундагы №109, 2020-жылдын 17-августундагы №135.
8. Кокоева А.М. Тактические аспекты расследования экономических преступлений, совершенных организованной преступной группой. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. - №. 11. - С. 80-84.
9. Нуркулова Н.М., Айдаркулова З.А. Проведение анализа над преступностью и преступниками. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №.12. С. 118-120.
10. Малоев Н.Г. Правовое и организационное обеспечение предупреждения преступности несовершеннолетних в Кыргызской Республике. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 7. С. 149-153.